КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
**ЖАҢЫ-ЖЕР**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын III-сессиясынын**

**№ 13 Т О К Т О М У**

Арка айылы 16-январь 2025-жыл

**Жаңы-Жер айыл аймагына караштуу Борбордук айылындагы жеке менчик жердин багытын өзгөртүү жөнүндө**

Жаңы-Жер айыл аймагындагы Борбордук айылынын тургуну Ахматов Кудраталинин 2024-жылдын 26-декабрындагы айыл өкмөтүнө жазган арызын карап, К.Ахматовдун кызына Ахматова Фарогатга турак жай куруу үчүн берилген 190 м.кв жер аянтына (ид. код 8030310010764) намазкана куруу үчүн багытын өзгөртүү үчүн Жер Кодексинин 18-беренесинин негизинде Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айыл аймагына караштуу Борбордук айылынын Ленин көчөсүнүн №15/1 дарегиндеги (ид.код 8030310010764) жеке менчик жердин багытын Намазканага өзгөртүү үчүн Лейлек райондук шаар курулушу жана архитектура башкармалыгына тийиштүү иш кагаздарын тиркөө менен кат жөнөтүлсүн.
2. Лейлек райондук шаар курулушу жана архитектура башкармалыгына катты даярдап жөнөтүү жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы А.Абдуллаевге тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**